УДК 37.018.1
DOI 10.58649/1694-5344-2025-2-251-255

**ЮСУПОВА А.М[1]., МАДУМАРОВА М. К[2]., МОЛДОГАЗЫ КЫЗЫ К.[1]**
Баласагын атындагы КУУ,[1]
Ош мамлекеттик университети[2]
**ЮСУПОВА А.М., МАДУМАРОВА М. К., МОЛДОГАЗЫ КЫЗЫ К.**
КНУ имени Ж. Баласагына,
Ошский государственный университет
**YUSUPOVA A.M., MADUMAROVA M.K., MOLDOGAZY KYZY K.**
KNU J. Balasagyn,
Osh State University

# АТА-ЭНЕЛЕР МЕНЕН АЛАРДЫН БАЛДАРЫНЫН ӨЗ АРА АРАКЕТИНЕ ПЕДАГОГИКАЛЫК ТААСИР КӨРСӨТҮҮНҮН НЕГИЗГИ БАГЫТТАРЫ

## ОСНОВНЫЕ НАПРАВЛЕНИЯ ПЕДАГОГИЧЕСКОГО ВОЗДЕЙСТВИЯ НА ВЗАИМОДЕЙСТВИЕ РОДИТЕЛЕЙ И ИХ ДЕТЕЙ

## MAIN DIRECTIONS OF PEDAGOGICAL INFLUENCE ON THE INTERACTION OF PARENTS AND THEIR CHILDREN

**Кыскача мүнөздөмө:** Макалада үй-бүлө педагогикасынын баланын интеллектуалдык, социалдык жана эмоционалдык өнүгүүсүнө болгон мааниси талданып, ата-энелер менен балдардын ортосундагы тарбиялык өз ара аракеттенүүчү процесстин өзгөчөлүктөрү көрсөтүлгөн. Автордун пикиринде, үй-бүлө бала үчүн биринчи мектеп болуп, ал аны тарбиялоодо эң негизги рольду ойнойт. Ата-энелердин балдарына болгон мамилеси, мээрими жана түшүнүгү бала үчүн маанилүү тарбиялык фактор болуп саналат. Макалада Лев Выготскийдин үй-бүлөдөгү тарбия тууралуу теориясы, тарбиялоо стилдери, ошондой эле Гапыр Мадаминовдун “Ата-энелер сиздер үчүн” китебинин негизинде үй-бүлө тарбиясынын негизги принциптери каралат. Автор үй-бүлөдөгү тынчтык, сүйүү, билимге кызыгуу жана адептүүлүк сыяктуу баалуулуктарды тарбиялоо аркылуу баланын өзүнө ишенген, гармониялуу инсан болуп калыптануусун камсыз кылууга болорун белгилейт. Макала үй-бүлө тарбиясы жана ата-энелер үчүн практикалык жетекчилик болуп, балдардын жакшы тарбия алышына жардам берүүчү негизги аспектилерди сунуштайт.

**Аннотация:** В статье анализируется значение семейной педагогики для интеллектуального, социального и эмоционального развития ребенка, показаны особенности процесса воспитательного взаимодействия родителей и детей. По мнению автора, семья является первой школой для ребенка и играет важнейшую роль в его воспитании. Отношение, привязанность и понимание родителей по отношению к своим детям являются важными факторами воспитания ребенка. В статье рассматривается теория семейного воспитания Льва Выготского, стили родительского воспитания, а также основные принципы семейного воспитания на основе книги Гапыра Мадаминова «Родители для вас». Автор отмечает, что прививая в семье такие ценности, как мир, любовь, интерес к знаниям, порядочность, можно помочь ребенку вырасти уверенной в себе, гармоничной личностью. Статья представляет собой практическое руководство для семейного воспитания и родителей, предлагающее ключевые аспекты, помогающие детям получить хорошее воспитание.

**Abstract:** The article analyzes the importance of family pedagogy for the intellectual, social and emotional development of the child, and shows the features of the educational interaction process between parents and children. In the author's opinion, the family is the first school for the child, which plays the most important role in his upbringing. The attitude, affection and understanding of parents towards their children are an important educational factor for the child. The article considers Lev Vygotsky's theory of family upbringing, upbringing styles, as well as the main principles of family upbringing based on Gapyr Madaminov's book “Parents for You”. The author notes that by cultivating values such as peace in the family, love, interest in knowledge and decency, it is possible to ensure the formation of a child as a self-confident, harmonious person. The article is a practical guide for family education and parents, offering key aspects that help children receive a good upbringing.

**Негизги сөздөр:** үй-бүлө педагогикасы; тарбия, тынчтык; сүйүү; билимге кызыгуу жана адептүүлүк; социалдык мамилелер; жашоо образы; чөйрө; баалуулуктар; мотивация; тарбиялоо ыкмалары; психологиялык өнүгүү.

**Ключевые слова:** семейная педагогика; воспитание; мир; любовь; интерес к знаниям и нравственности; социальные отношения; образ жизни; окружающая среда; ценности; мотивация; методы воспитания; психологическое развитие.

**Keywords:** family pedagogy; upbringing; peace; love; interest in knowledge and morality; social relationships; lifestyle; environment; values; motivation; upbringing methods; psychological development.

Ата-энелер менен балдардын ортосундагы өз ара аракеттенүү – баланын өнүгүүсүнө жана калыптанышына олуттуу таасир этүүчү негизги факторлордун бири. Үй-бүлө – баланын биринчи социалдык чөйрөсү жана анын келечектеги жүрүм-туруму, баалуулуктары жана билим алуусуна таасир этүүчү маанилүү институт болуп эсептелет. Үй-бүлөдөгү тарбиялык процесс мугалимдерден жана башка кесипкөй педагогдордон айырмаланат. Педагогикалык таасир көрсөтүү ата-энелердин балдары менен болгон мамилесин туура калыптандыруу аркылуу алардын интеллектуалдык, социалдык жана психологиялык өнүгүүсүнө көмөк көрсөтүүгө багытталат. Ошондуктан, үй-бүлө педагогикасына да кайрылууга туура келет. Үй-бүлө педагогикасы, көбүнчө, үй-бүлөнүн өнүгүшүнө, анын жеке мүчөлөрүнүн ортосундагы социалдык мамилелерге, жашоо стилдерине, баалуулуктарга жана тарбиялык ыкмаларга таянат. Бул тарбиялоонун жакшы натыйжалары үй-бүлөдө тынчтык, сүйүү жана өз ара түшүнүшүү менен ишке ашырылат. : Үй-бүлөнүн баланын тарбиясындагы мааниси абдан чоң. Анткени бала эң алгачкы тарбияны үй-бүлөдөн алат. Ар бир үй-бүлө бала тарбиясында жеке баалуулуктарга ээ, үй-бүлөлүк мамилелер да чоң роль ойнойт. Балага болгон мээрим, камкордук, түшүнүү, шыктандыруу бала үчүн маанилүү. Кыргызда ”Куш уясында көргөнүн жасайт” деген накыл кеп бекеринен айтылбаган. Баланы тарбиялоодо ата-эне алгачкы үлгү болуш керек. Ата-энелеринин мамилесин, жасаган ишин, баскан-турганын бала боолгоп, алардын изинен барат. Баладагы ички дүйнө жана анын балдар жана чоңдор менен болгон мамилелери үй-бүлөдө кандайча өнүгөт, баланын эмоционалдык абалына үй-бүлөдөгү тарбия кандай таасир тийгизери боюнча психологдор көп изилдөөлөр жүргүзүшкөн.

Белгилүү психолог Лев Выготский үй-бүлөнүн тарбиялык таасиринин психологиялык аспектилерин изилдеген. Анын теориясы боюнча, бала үй-бүлөдөгү чоңдор менен болгон өз ара аракеттенүүсү аркылуу когнитивдик өнүгүүсүн жүргүзөт. Үй-бүлө балага интеллектуалдык жана эмоционалдык өнүгүүсүнө жардам берет, анткени социалдык байланыштар жана сүйлөшүүлөр аркылуу бала билим алат. Үй-бүлөдөгү тарбия балага ата-эненин үлгүсү менен бекемделет, анткени баланын тарбиясы үй-бүлөнүн мүнөзүнө жараша болот. Бала үй-бүлөдө чоң эмоционалдык кыйынчылыктарга туш болбошу үчүн туура тарбияланса, анын психологиялык жана социалдык өнүгүүсү жакшы болот. Үй-бүлөнүн биримдиги жана туруктуулугу балага туруктуу негиз түзөт. Үй-бүлөдө жакшы тарбияланган бала коомго түз позитивдүү таасир тийгизе алат, ал эми үй-бүлө өзү коомдук өнүгүү процессинде маанилүү роль ойнойт. Балага болгон үй-бүлөлүк мамиле жана тарбия жогорку билим берүү мекемелеринде баланы даярдоодо да чоң роль ойнойт [1].

Үй-бүлөдө ата-энелер менен балдардын ортосундагы байланыш баланын дүйнө таанымын, социалдык көндүмдөрүн жана эмоционалдык интеллектинин өнүгүшүн аныктайт. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, ата-энелердин балдарына болгон колдоосу жана тарбиясы төмөнкү негизги аспектилерге таасир этет:

- Интеллектуалдык өнүгүү – ата-энелердин окууга болгон кызыгуусу жана билимге маани берүүсү баланын билим алууга болгон мамилесине түздөн-түз таасирин тийгизет [5].
- Социалдык көндүмдөр – үй-бүлөдөгү карым-катнаш баланын коомдо өзүн алып жүрүүсүнө жана социалдык адаптациясына өбөлгө түзөт.
- Эмоционалдык туруктуулук – ата-энелерден алган мээрим жана колдоо баланын эмоционалдык ден соолугунун жакшырышына көмөктөшөт.

Ата-энелердин тарбиялоо жолдору баланын калыптанышына жана анын мүнөзүнүн түзүлүшүнө олуттуу таасир берет. Психология жана педагогика илимдеринде төмөнкү негизги тарбиялоо стилдери белгилүү:

1. Авторитардык стиль – катуу тартипти жана талапты негизге алат. Бул стиль менен чоңойгон балдар көп учурда өзүнө ишенбеген же тескерисинче, агрессивдүү болушу мүмкүн.

2. Демократиялык стиль – ата-энелер менен балдардын ортосундагы ачык байланыш, эркин ой жүгүртүү жана өз алдынчалыкты өнүктүрүү. Бул стиль менен чоңойгон балдар адатта ийкемдүү, өзүн-өзү башкаруу жөндөмүнө ээ болушат.

3. Либералдык стиль – ата-энелер балага көп эркиндик берип, анын өз алдынча чечим кабыл алуусуна мүмкүнчүлүк түзүшөт. Бул балдардын чыгармачылыгын өнүктүргөнү менен, кээде жоопкерчилик сезиминин төмөндөшүнө алып келиши мүмкүн.

4. Индифференттик стиль – ата-энелер балдарына жетиштүү көңүл бурбаган учур. Бул стиль балдардын коомго болгон ишениминин төмөндөшүнө жана жүрүм-турумдук көйгөйлөрдүн жаралышына себеп болушу мүмкүн.

Ата-энелердин балдарына карата педагогикалык таасир көрсөтүүсүнүн натыйжалуулугун арттыруу үчүн үй-бүлөлүк баалуулуктарды калыптандыруу зарыл. Үй-бүлө ичиндеги баалуулуктар жана тарбия принциптери баланын инсандык өнүгүүсүнүн негизи болуп саналат. Ата-энелер бир туугандарын, жакындарына карата өз ара урматтоо жана бирин-бири түшүнүү, чынчылдык, адептүүлүк, эмгекке болгон мамиле, жоопкерчилик жана тартип үй-бүлөлүк тарбиянын негизин түзүш керек.

Балдардын билим алууга кызыгуусун арттыруу үчүн ата-энелер тарабынан баланын суроолоруна зерикпей, туура жана кызыктуу жооп берүү,- биргеликте оюн ойноо, сабак аткаруу жана логикалык маселелерди чечүүгө багыттоо, окууда ийгиликке жетишкендиги үчүн мотивация берүү, китеп окуу, маалыматтарды талкуулоо, илимий берүүлөрдү көрүү ж.б. маселелерде дайыма колдоо көрсөтүү керек.

Ата-энелер баланын ой-пикирин угуу, анын сыйлоо, баланын эмоционалдык абалын түшүнүү, чечим кабыл алууда баланын оюн эске алуу жана өз ара бири-бирине болгон ишенимди бекемдөө жүрсө ата-эне менен баланын ортосундагы байланыш бекем болот.

Учурдагы заманбап педагогикада балдардын өнүгүүсүнө багытталган төмөнкү методдор кеңири колдонулат:

1. Оюн аркылуу окутуу – балдардын кызыгуусун арттыруу жана чыгармачылыгын өнүктүрүү;

2. Мисал аркылуу үйрөтүү – балдар ата-энесинин жүрүм-турумунан үлгү алышат;

3. Диалог аркылуу тарбия берүү – бала менен ачык сүйлөшүү жана көйгөйлөрдү биргелешип чечүү;

4. Позитивдүү мотивация берүү – жетишкендиктерин белгилеп, колдоо көрсөтүү.

Белгилүү мугалим Гапыр Мадаминовдун “Ата-энелер сиздер үчүн” [2] деген эксперименталдык тажрыйбалардын негизинде жазылган китебинде айыл жергесинде шарты жок мектептердеги балдарды тарбиялоо, окууга кызыктыруу, ата-энелер менен мектептин байланышын чыңдоо жолдору эксперимент катары бир канча иш-чараларды уюштуруу аркылуу жемиштүү жыйынтыктарга жетишкендиги тууралуу жазылган. Гапыр Мадаминов үй-бүлөдөгү тарбия маселелерине, ата-энелердин балдары менен болгон мамилесине, ошондой эле заманбап тарбиянын негизги принциптерине таянып, көп жылдык педагогикалык жана эксперименталдык тажрыйбасына таянып, төмөнкүдөй негизги ойлорду жазат:

1. Үй-бүлө – баланын биринчи мектеби. Автордун пикиринде, баланын биринчи мугалими – ата-эне. Үй-бүлө бала үчүн негизги тарбиялоочу чөйрө болуп саналат. Г.Мадаминов үй-бүлөдөгү үлгү көрсөтүүчү абалды төмөнкүдөй түшүндүрөт:“Эгер бала ата-энесинин эмгекчилдигин көрсө, ал дагы эмгекчил болот. Эгер үй-бүлөдө сабырдуулук, мээрим бар болсо, бала да ошондой сапаттарга ээ болот”.

2. Балага мактоо жана дем берүү чоң мотивация берет. Бирок мактоо чектен ашпашы керек, анткени ашыкча макталган бала кээде жоопкерчилик сезиминен алыс болуп кетет. Ошондой эле сындоо да туура багытта болушу керек – кемчиликтерди көрсөтүү менен бирге, аларды оңдоого багыт берүү маанилүү.

3. Бала менен ишенимдүү мамиле түзүү. Балдарга күч колдонуу, катуу жазалоо, кыйкыруу** аларды тарбиялоонун натыйжалуу жолу эмес. Бала ата-энеси менен ачык сүйлөшө билүүсү керек. Эгерде ата-эне баласын угуп, колдоп, түшүнсө, анда бала келечекте ар кандай кыйынчылыктарды оңой жеңип чыга алат.

4. Баланын окуусуна байкоо салып, аны шыктандыруу маанилүү. Балдарга билим алуу милдет эмес, кызыктуу жараян экенин түшүндүрүү зарыл.

5. Убакытты туура пландаштыруу жана эмгекке тарбиялоо. Баланын күн тартибин туура уюштуруу – анын жашоо образынын туура калыптануусуна жардам берет.

6. Үй-бүлөдө жылуу атмосфера түзүү.Үй-бүлө – бул баланын коопсуздук чөйрөсү. Үй-бүлөдө жаңжал, стресс аз болушу керек, анткени бала ата-эненин эмоционалдык абалынан таасирленет.

7. Тартип жана эрежелер. Балага чектөөлөр жана эрежелер керек, бирок алар адилеттүү болушу зарыл. Бала жазалоонун коркунучу менен эмес, түшүнүү аркылуу туура жүрүм-турумду үйрөнүшү керек.

Гапыр Мадаминовдун "Ата-энелер сиздер үчүн" китеби ата-энелер үчүн практикалык жетекчилик катары кызмат кылып, үй-бүлөдөгү тарбиянын негизги принциптерин, ата-энелердин балдары менен болгон мамилесинин таасирин жана алардын өнүгүүсүнө кандай жардам берүү керектигин көрсөтөт.

Ата-энелер менен балдардын өз ара аракетинин сапаты баланын жалпы өнүгүүсүнө түздөн-түз таасир этет [3]. Демек, ата-энелер педагогикалык таасир көрсөтүүнүн натыйжалуу ыкмаларын колдонуу менен балдарынын интеллектуалдык, социалдык жана эмоционалдык өнүгүүсүнө шарт түзө алышат. Үй-бүлөлүк баалуулуктарды калыптандыруу, билимге болгон кызыгууну арттыруу жана эффективдүү баарлашууну камсыз кылуу – заманбап педагогиканын негизги милдеттеринин бири болуп саналат. Педагогикалык методдорду туура колдонуу ата-энелерге жана балдарга гармониялуу мамиле түзүүгө жана баланын ийгиликтүү келечегин камсыз кылууга жардам берет [4].

**Колдонулган адабияттар**


1. Касымов Т., Миталипов К. Үй-бүлөдөгү мектепке чейинки бала тарбиясы, 2010.
2. Мадаминов Г. Ата-энелер сиздер үчүн. – Бишкек, 2014.
3. Рахимова М.Р. Үй-бүлөдө балдарды адептүүлүккө тарбиялоо «Мектеп» Басмасы. – Фрунзе, 1974.
4. Юсупова А.М. Кенже мектеп окуучуларына каллиграфияны үйрөтүүдөгү кээ бир методдору // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына, 2023, № 2(114), с. 378-379.
5. Сулайманова Р.Т., Алымкулова Н.А. Заманбап мугалимди окуучулардын таанып-билүү активдүүлүгүн өнүктүрүүгө даярдоо // Вестник КНУ им. Ж. Баласагына, 2024, No. 3(119), с. 38-45. – DOI 10.58649/1694-8033-2024-3(119)-38-45. – EDN HGIOJQ.


**Рецензент: д.пед.н., профессор Добаев К.Д.**